**“БЕКИТЕМИН”**
Мектеп директору:
__________ Нуркалиева Н.Б

# ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛОО БОЮНЧА ОТЧЕТ

“А.Осмонов атындагы жалпы билим берүү орто мектеби” мекемеси.

## ПРОГРАММАЛЫК АККРЕДИТАЦИЯЛОО

## 1. **Киришүү**

Панфилов районуна караштуу А.Осмонов атындагы жалпы билим берүү орто мектеби башталгыч жалпы, негизги жалпы, орто жалпы билим берүү программаларын иш жүзүнө ашыруучу жалпы билим берүү мекемеси болуп эсептелет. Жалпы билим берүү мекеменин максаты билим берүү программаларын милдеттүү минималдуу мазмунун өздөштүрүүнүн негизинде окуучулардын маданий инсандыгын калыптандыруу болуп, коомдогу жашоого калыптануусун, туура тандоосун жана жарандык билим берүү боюнча андан аркы өнүгүшүнө негиз болуп саналат.

Мектеп 1969-жылы декабрда ишке киргизилген 190 окуучуга ылайыкташтырылган.

**Мектептин миссиясы:**

1. Окуучулардын өмүрүнүн,ден соолугунун коопсуздугун камсыз кылуу,социалдык жана укуктук жактан коргоону жүзөгө ашыруу;
2. Ар бир окуучунун жеке мүмкүнчүлүгүнө жараша шык-жөнөмдүү өнүктүрүү аркылуу сапаттуу билим алууга жетишүү жана азыркы коомдо натыйжалуу окууга,иштөөгө жөндөмдүү,жашоодо өз ордун таба билген өнүккөн инсанды тарбиялоо.

Мектептин директору: Нуркалиева Назира Баишовна (телефону: +996708343548), nazira060375@gmail.com
Мектептин почтасы: alykulosmonov100@gmail.com
Мектептин вебсайты: https://aosmonov.mektebim.kg/
Уюштуруу-укуктук формасы: мекеме
Менчик түрү: муниципалдык
Жайгашкан жери (дареги): Кыргыз Республикасы . Чүй областы, Панфилов району, Каптал-Арык айылы, Э.Жапаркулова көчөсү
Аккредитациядан өткөн жылы: 2018-жылдын 23-майы № 655/1 буйругу. Сертификат № 02706199610267

## 1. Минималдуу талаптардын аткарылышын талдоо жана тастыктоочу база

| Өзүн-өзү баалоонун критерийлери | | Өзүн-өзү баалоонун натыйжалары | Тастыктоочу база |
|---|---|---|---|
| **1. 1. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН МАЗМУНУ ЖАНА ОКУУ-МЕТОДИКАЛЫК КАМСЫЗДАЛЫШЫ** | | | |
| **Билим берүү уюму кызыктар тараптардын керектөөлөрүн эске алуучу бекитилген башкаруу түзүмүнө , билим берүүнүн сапатын камсыздоо жана аны ишке ашыруу саясатына , ичтин натыйжалуулугун баалоо системасына ээ болушу керек.** | | | |
| 1.1 | Окуу планынын жана программалардын билим берүү стандартынын, базистик окуу планынын талаптарына жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келүүсү; | А.Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин 2021-2022-окуу жылына карата окуу планы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-жылдын 28-майындагы № 8691/1 буйругу менен бекитилген базистик окуу планына негизинде кабыл алынат. Базистик окуу планы мамлекеттик билим берүү окуу стандартына ылайык билим берүүнүн бардык баскычтарынын окуучулары үчүн алардын физиологиялык жана психологиялык мүмкүнчүлүктөрүн , ошондой эле окуу материалдарын өздөштүрүү үчүн талап кылынган ишмердүүлүгүнүн түрлөрү жана талаптарын эске алуу менен окуу жүктөмүнүн жылдык, жумалык көлөмүн аныктайт. 2021-жылдын 14-сентябрындагы №1 педагогикалык кеңешменин чечими менен окуучулардын инновациялык техникаларды пайдалануусу ошондой эле программалоо көндүмдөрүн калыптандыруу үчүн ата-энелердин сунушу менен жана педагогикалык жамааттын макулдугу, чечими менен мектеп компонентине бөлүнгөн 5-класстын 1 сааты информатика сабагына , 8-класска бөлүнгөн 1 саат техногендик дүйнөдө заттарды жана алардын кайрадан пайда болушун изилдөө жана баяндоо көндүмдөрүн калыптандыруу аркылуу продуктуларды сарамжалдуу (рационалдуу ) коопсуз пайдалануу максатында химия предметине берилди. Инклюзивдүү билим берүүнү ишке ашырууда ата-энелердин жана аларга кызыкдар тараптардын керектөөлөрүн ылайык мүмкүнчүлүгү чектелген балдар менен иш алып баруу каралган.<br><br>Окуу 5 күндүк. Окутуу бир сменлүү. Бекитилген регламент боюнча сабактар 45 мүнөттөн, тыныгуу убагы 5 жана 15 мүнөттөн | 1.Базалык окуу планы<br>2. Түшүндүрмө кат<br>3.Класс комплект<br>4.ОШ-1<br>5.14.09.2021-жылдын №1 пед кеңешменин протоколдору, чечимдери<br>6.Сабактардын жүгүртмөсү<br>https://aosmonov.mektebim.kg/ |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | берилген.<br>1 -сменде 8.30-13.30 (1-11-кл)<br>2- сменде 13.00-14.25 (даярдоо классы)<br>Негизги жалпы жана орто жалпы билим берүүнүн негизги жалпы билим берүүчү программаларын өздөштүрүүнүн нормативдик убакыттарын кыскартууга, ошондой эле мамлекеттик компоненттердин сабактарына бөлүнгөн сааттарды башка сабактарга окутуу үчүн жол берилбейт. | |
| 1.2 | Окуу-методикалык камсыздоонун билим берүү стандартынын талаптарына жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келүүсү | Акыркы 3 жылда мектепте 2021-2026-жылдарга карата мектептин өнүктүрүү боюнча Стратегиялык планга жана мамлекеттик стандартка ылайык окуу-методикалык камсыздоонун эки багытына басым жасалган:<br>- мугалимдерге абдан керектүү болгон информациялык-коммуникациялык технологияларды жана санариптик билим берүү ресурстарын колдонууда базалык компетенцияларга жетишүү;<br>- жаңыланган мамлекеттик билим берүүнүн стандарттарын киргизүүнүн шарттарында окуучуларда түйүндүү компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу боюнча усулдук иштердин көйгөйлөрү жана өзгөчөлүктөрү" методикалык көйгөйү боюнча мугалимдерде педагогикалык чеберчиликти арттыруу".<br>Мектепте 3 усулдук бирикмеде 22 мугалим камтылган, Стратегиялык планда коюлган милдеттерге жана максаттарга ылайык алардын ишмердүүлүктөрү аныкталган. Окуу-усулдук иштердин конкреттүү варианттарын тандап алууда мектептин коллективи төмөндөгү негиздердин системасына таянат: мектептин алдында турган милдеттерге, окуу-тарбия процессинин деңгээлдерине, окуу-методикалык базасынын абалына, топтолгон иш-тажрыйбасына.<br>Мектептик усулдук бирикмелердин отурумдарынын тематикалары педагогдун ишмердүүлүгүндөгү жекече мамиленин өзөгү болгон мугалимдердин өзүн-өзү билимин көтөрүүнүн темалары менен шартталган.<br>Мектептеги усулдук бирикмелердин отурумдарында төмөндөгү суроолор каралган: билим берүүнүн стандарттары менен иштөө; ЖМАга, анын ичинде ЖРТнын формаларына, республикалык олимпиадаларга даярдык боюнча окуучулардын ишмердүүлүгүн | 2021-2026 -жылдарга карата мектептин өнүктүрүү Стратегиялык планы<br><br>https://aosmonov.mektebim.kg/ |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | уюштуруунун формалары жана методдору; мугалимдердин профессионалдык компетенттүүлүкторүн жогорулатуу жана у.с.). | |
| 1.3 | Жетиштүү маалыматтык ресурстардын (окуучулардын контингентине, анын ичинде окутуу тилдерине карата окуу – методикалык адабияттардын фонду) болушу | Мектептин китепкана фондундагы окуу китептери КРнын Билим Берүү жана илим министрлиги тарабынан 2021-2022-окуу жылына карата бекитилген окуу китептеринин тизмеси менен дал келет.Ошондой эле мектептин китепканасында:<br>Көркөм адабияттар- 1445<br>Окуу китептери- 4111<br>Методикалык китептер- 352<br>Журналдар- 20 (“ Келгиле окуйбуз” долбоору жана Мерсико Уюму тарабынан келген колдонмолор)<br>“Бирге окуйбуз!” долбоору менен 122 нуска китеп китепкананын өткөрүлүп берилген.<br>Окуу китептери менен жабдуу 82 %ды түзөт.<br>Жыл сайын “Кут билим”, “Эркин-Тоо”, “Тил маданияты” жана “Кут билим сабак” аталыштагы газеталарга жазылуу жүргүзүлөт.<br>Окуу китептери менен камсыздоо туруктуу бойдон калып , 2018-2019-окуу жылында окуу китептеринин саны 3568 миңге жакын түзсө , 3 жыл ичинде фондго китептердин келип түшүүсү 4806 миңге жакын ( б.а., кошумча 1328 даана окуу китеби түшкөн)<br>Демөөрчүлөр тарабынан А.Осмоновдун 1,2 томдугунан төрт нуска, КРнын Илимдер академиясы түзгөн энциклопедиясынан 1 нуска, жазуучу Мундузбек Тентимишев түзгөн энциклопедиясынан 1 нуска, Алыкул Осмоновдун котормосундагы “ Жолборс терисин жамынган баатыр” китебинен 5 нуска, Алыкул таануучу Шаршенбай Ажыбековдун “ Алыкулдун ак боз аты, аалам кезип бара тат”, “Ак бейит” китептеринен 40 нуска жана окуучуларды шыктандыра турган | 1.Мектеп китепканасы боюнча Жобо<br>2.Мектеп китепканасы жылдык план<br>3.Окуучулардын китеп менен камсыз болуусу боюнча маалымат.<br>4.Китеп , журналдарды кабыл алуу актылары.<br>https://aosmonov.mektebim.kg/ |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | "Кылычсыз самурай","Жүрөктү агарткан кара сөздөр"ж.б аталыштагы 20 даана мектептин фондусуна тапшырылган.<br>Китепканада 1 компьютер, принтер жабдуулары камсыздалган. kitep.edu.gov.kg сайтындагы электрондук китепкананы колдонуу боюнча окуучулар жана алардын ата-энелери менен аныкталган иштер жүргүзүлүп турат.<br>Пандемия убагында мугалимдер тарабынан https://oku.edu.gov.kg/ru/#. https://oku.edu.gov.kg/ru/school) жана oku.edu.gov.kg. билим берүүчү платформаларынын видеосабактары ыкчам тартипте колдонулду, WhatsApp жана ZOOM, Телеграмм платформаларын пайдаланып жүргүзүлдү. Б | |
| 1.4 | Билим берүү программасынын жана окуу-методикалык камсыздоонун мазмунун жакшыртуу максатында кызыкдар тараптардын күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана канааттануусун мезгилдүү баалоонун жана маалыматтык коопсуздукту камсыздоонун колдонуудагы механизминин болушу. | Окуучулардын билим сапаты жана тарбиясы жөнүндө маалыматтар өз убагында ата-энелерине жеткирилип турат. Маалымат менен камсыздоо каражаттары болуп "Күндөлүк"электрондук журналы,ата-эне чогулуштары (жылына 2 жолу),социалдык кызматтар(фейсбук,инстаграм баракчалары,whatsApp группалары) эсептелинет. Мисалга: "Күндөлүк электрондук журналын колдонуу менен ата-энелер окуучунун предметтерден алган баасын,чейректик экзамендик бааларын толук түрдө аралыктан көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгү бар.Ошондой эле электрондук журналдын функциясы боюнча ар бир окуучунун ата-энесине жеке логин жана сыр сөзү берилип,окуучунун жетишкендиктерин көрүү ата-энесинде же жоопкерчиликтүү тараптарда калат.Бул ар бир окуучунун маалымат коопсуздугуна кепил боло алат.<br>Ал эми мугалимдердин электрондук журналды толтуруусу,баалардын коюлуусу боюнча көзөмөл окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары тарабынан көзөмөлгө алынып,кемчиликтер боюнча түшүндүрүүлөр,эскертүүлөр ар жума сайын жүргүзүлөт.<br>Жалпы класстык билим берүү сапаты жөнүндөгү маалыматтар:whatsApp группалары,ата-энелердин чогулуштары аркылуу маалыматтар берилет. Мектеп " Кыргыз Телеком" түйүнү менен 2017-жылдан бери интернетке кошулган. Wi-Fi таратылган 4 класс кабинетте плазмалык телевизор бар. Телевизорлор аркылуу "Ай билим", " Билим булагы" сайттары колдонулат. | 1."Электрондук журнал жөнүндө" Жобо<br>2.Социалдык баракчалары:<br>a.osmonov_100(инстаграмм)<br>Алыкул Осмонов Мектеби(фейсбук)<br>https://aosmonov.mektebim.kg/<br><br>Билим булагы:https:\\ www.bb.edu.gov/index.hp.<br><br>ОАО " Кыргыз Телеком" |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Күчтүү жактары:** | | - Окуу процесси КРнын Билим берүү жана илим министрлиги менен макулдашкан окуу планы боюнча жүргүзүлүшү;<br>- Мугалимдердин жогорку кесиптик квалификациялуулугу;<br>- Ата-энелердин мектеп менен тыгыз мамиледе болуусу;<br>- Окуучулардын билим алуусу жана тартиби эки тараптуу (мектеп,ата-эне);<br>- Окуучулардын билимин баалоо электрондук журналдын жардамы менен жүргүзүлүүсү. | |
| **Алсыз жактары:** | | - Мугалимдер үчүн методикалык китепчелердин жетишсиздиги;<br><br>Көрсөтмө курал,лабораториялык жабдыктардын жетишсиздиги;<br><br>Окуу китептеринин жетишсиздиги;<br><br>- көрком адабияттардын фондусун жаңылоо жана толуктоо. | |
| **2. КОМПЕТЕНТТҮҮ ОКУТУУНУ ИШКЕ АШЫРУУ ЖАНА ОКУУЧУЛАРДЫН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО** | | | |
| 2.1. | Окутуунун пландаштырылган максаттарынын болушу | Сабактардын жүгүртмөсү К.Р. Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги № 201 " коомдук саламаттык сактоо жаатындагы актыларды бекитүү жөнүндө" токтомунун " Жалпы билим берүү уюмдарындагы окутуу шартарына жана аны уюштурууга карата санитардык-эпидемиялык талаптары" №6 тиркемесинин 164 , 165. 166, 167, 168, 169 пунктарына ылайык түзүлөт.<br>**Предметтик компетентүүлүк** – негизги компетентүүлүккө карата мамиле боюнча жекече компетенттүүлүк , билим берүү натыйжаларынын топтому түрүндө айрым предметтердин материалдары менен аныкталат.<br>**Негизги компетентүүлүк** - социалдык , мамлекеттик , кесиптик тапшырыкка ылайык аныкталаган, окуу предметтеринин базасында жүзөгө ашырылат жана окуучуну социалдык тажрыйбасына негизделген көп функционалдуулукка ээ болгон жана предметтерден жогору турган билим берүү боюнча бааланат.<br>**Компонентүүлүк** – белгилүү бир кырдаалда ( окуу , жеке жана кесиптик) билимдин жана ыктын ар кандай элементтерин өз алдынча колдонууга адамдын интеграцияланат. | К.Р. Өкмөтүнүн токтому (11.04.2016)<br><br>" Коомдук саламаттык сактоо жаатындагы актыларды бекитүү жөнүндө"<br><br>https://aosmonov.mektebim.kg/ |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Окутуу-тарбиялоо процессинде инновациялык технологияларды жана методдорду колдонуу | Мугалимдердин инновациялык билим берүү методдоруна жана технологияларына мезгилдүү окутууга шарт түзүүсү.<br>Мектепте педагогдордун кесиптик билимдерин жана жөндөмдөрүн өнүктүрүү , алардын чыгармачылык потенциалын , педагогикалык ишмердүүлүк сапатын жогорулатуу максатында окуу – методикалык илимий иштер жүргүзүлөт.<br>❖ Инсандык жактан багытто ,көйгөйлөрү окутуу жана техникалык каражаттарды колдонуу аркылуу сабактардын сапатын жакшыртуу, анын таасирдүүлүгүн жогорулатуу.<br>❖ Семинарлар , ачык сабактар, чыгармачылык отчеттор , методикалык адабияттарды , докладдарды окуу сыяктуу окуутунун технологиялары менен педагогикалык процессти байытуу;<br>❖ Мектеп шартында окутууну методикалык жактан камсыздоо , педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу, тажрыйба алмашуу боюнча карым-катышты ишке ашыруу;<br>❖ Педагогикалык ишмердүүлүктө жаңы педагогикалык , маалыматтык технологияларды жайылтуу;<br>❖ Таланттуу балдарды табуу жана аларды колдоо системасын түзүү.<br>Окуу методикалык илимий-иштеринин максаттарына ылайык жыл сайын төмөнкү иш аракеттер аткарылып турат:<br>Жаңы окуу жылына карай мектептин окуу методикалык иштерин иштеп чыгып, иш пландары, усулдук бирикмелердин иш пландары, календарлык – тематикалык пландары талкууга коюлат жана бекитилет.<br>Усулдук бирикмелер боюнча кабинеттерди жакшыртуу жана баалоо иштери уюштурулат, ар жыл сайын жыйынтык чыгарылып турат.<br>Мугалимдер менен коюлган максатка карай мектепте инструктивдик- методикалык кеңешмелер , семинарлар, тегерек столдор, илимий тажрыйбалык конференциялар уюштурулуп , анын натыйжасында өз ара тажрыйба алмашуу жүрүп , мугалимдер алган жаңы маалыматтарын , тажрыйбаларын өз ишмердүүлүгүндө | 1.Усулдук бирикменин Жобосу<br>2.Усулдук бирикмелердин иш планы<br>3.Усулдук бириикмелердин кыскача отчету<br>4.Сабактардын иштелмелери<br>https://aosmonov.mektebim.kg/ |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | колдонушат.<br>Декадаларга , ачык сабактарга , мектеп отрумдарына катышуучулардын натыйжасында мугалимдин сабакка болгон даярдык деңгээли аныкталат, баа берилет.<br>Педагогикалык тажрыйбалардын базасын түзүү максатында чыгармачыл мууалимдердин илимий иштерин, сабактарынын методикалык иштелмелерин басмага берүү иштери жүргүзүлөт.<br>Ошондой эле , мугалимдердин билимин жаңыртуу максатында жыл сайын атайын билимди жогорулатуу курстарынан өтүп келүүдө.<br>Мектепте мугалимдердин усулдук чеберчилигин жогорулатуунун үстүндө усулдук кеңеш иш алып барат. Аны окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары жетектейт.<br>Усулдук кеңештин максаты:Окуучулардын билим сапатын жогорулатуу үчүн педагогикалык кызматкерлерге ар тараптан усулдук жардам көрсөтүү , усулдук окутуунун ар кандай ыкмалары аркылуу алдыңкы тажрыйбаларды жайылтуу жана кесипчилик чеберчиликтерин өркүндөтүү .<br>Усулдук кеңештин милдеттери:<br>- Окуу тарбия иштерин жакшыртуу жана өркүндөтүү боюнча иш чараларды аткаруу;<br>- Окуу тарбия ишинде окуутунун жаңы технологияларынын ишке ашышын камсыз кылуу;<br>- Мугалимдин кесиптик квалификациясын , чеберчилигин жогорулатуусуна өбөлгө түзүү аркылуу өз билимин өркүндөтүүсүнүнүстүндө иш жүргүзүүсүн шарт түзүү;<br>- Педагогикалык жамаат менен бирдикте мектептин өнүгүүсүнүн негизги багыттарын аныктоо;<br>- Предмет аралык усулдук бирикмелердин ишмердүүлүгүн уюштуруу;<br>- Педагогикалык алдыңкы иш тажрыйбаларды талдоо жана жайылтуу;<br>- Предметтик олимпиадаларды , декадаларды ар кандай формадагы иш чараларды өткөрүү;<br>- Педагогикалык газета-журналдарга окуу тарбия иштерин жакшыртуу боюнча усулдук иштелмелерди иштеп чыгуу;<br>Пандемия учурунда мугалимдердин 80 % инновациялык | " Дистанттык окутуу жөнүндө" Жобо<br><br>Фото отчет |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | технологияларды өздөштүрүштү . Видео сабактарды , тарбиялык сааттарды даярдап телеграм , ватсап зуум аркылуу окуучуларга жеткиликтүү сабактарды бере алышты. - | https://aosmonov.mektebim.kg/ |
| 2.3. | Окутууну баалоодо жана корректировкалоодо кайтарым байланыш механизминин болушу | Мектепте болгон билим берүүнүн жетишүүсүнүн мамлекеттик стандарттын талаптарына шайкеш келүүсүн аныктоо үчүн , кайтарым байланыш катары: диагностикалык , айылык , чейректик жана жылдык жыйынтык иштери: жат жазуу , эссе , баяндама , текшерүү иш формасында алынат.<br>Кайтарым байланыштын жаңы усулу, Күндөлүк электрондук тиркемеси ( чат, билдирүү) , ватсап, фейсбук , инстаграм баракчалар. " Күндөлүк" электрондук журналынын колдонулушу менен ата-эне, мугалим, окуучунун тыгыз иштешүүсү дагы да жогорулап, окуучуну обьективдүү баалоого, билим берүүгө кызыкдар тараптардын ар дайым ачык жана жеткиликтүү болуусуна шарт түзүлдү. | Жазуу иштеринин мониторинги<br><br>https://aosmonov.mektebim.kg/ |
| 2.4 | Билим берүү стандартынын талаптарына ылайык окуудагы жетишкендиктерди баалоонун объективдүү жана ачык-айкын системасынын болушу | Мамлекеттик билим берүүнүн окуу стандарты (2014-ж.21.07.№403) билим берүүнүн сапатын баалоо,бекитилген ченемдик-укуктук актылардын негизинде окуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин,окуу программаларын өздөштүрүүсүнүн,билим берүүнүн сапатын жогорулатуу жана башка талаптар менен аныктоо үчүн жүргүзүлөт.Мектепте билимди баалоо системасы,билим берүү системасынын стандартташтырылган жетишкендиктерин ар кандай сыноолорду пайдалануу менен бирге бааланат.Окуучулардын билимин баалоону жүргүзүү стандарт боюнча жүргүзүлөт.<br>Жалпы билим берүү орто мектебинде окуучулардын жыйынтыктоочу баалоосу чейректик, жарым жылдык, жылдык болуп бааланат. Атайын иштелип чыккан эрежелерге ылайык жүргүзүлөт жана баалоо критерийлерине карата жазуу жүзүндө жүзөгө ашырылат.<br>Окуучулардын билимин баалоо мугалимдер тарабынан мектеп директору бекиткен "Окуучуларынын билимдерин,билгичтиктерин жана көндүмдөрүн баалоонун нормалары"Жобосунун негизинде ишке ашырылат.<br>9-11-класстарда баалоо Кыргыз Республикасынын | 1. Токтом (2014-ж.21.07.№403) " Мамлекеттик билим берүүнүн окуу стандарты"<br><br>2.Көчүрүү жана мамлекеттик экзамендерди өткөрүү жөнүндөгү буйруктун көчүрмөсү<br><br>3."Билим берүүнүн сапатын баалоо системасы" боюнча Жобо<br><br>4.Талаш тартыш комиссиясы жөнүндөгү Жобо<br><br>https://aosmonov.mektebim.kg/ |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | мыйзамдарына ылайык.билим берүү жана окуу стандартын аткаруу менен мамлекеттик жыйынтыктоо аттестациясынын негизинде ишке ашырылат. | |
| 2.5. | Окуучуларга баалоонун колдонулуучу эрежелери, жол-жоболору жана жыйынтыктары, ошондой эле аларды кайра кароонун жол-жоболору жөнүндө маалымдоо системасынын болушу | Мектептин ишмердүүлүгү,жетишкендиктери жана өзгөрүүлөр,баалардын коюлушу боюнча маалыматты өз убагында ата-энелерге жана окуучуларга жеткирүү класстык сааттар,ата-энелер чогулуштары,социалдык тармактар жана электрондук журнал аркылуу жүргүзүлөт.Мектептин электрондук баракчасы көпчүлүк социалдык тармактарда аркылуу мектептеги жаңылыктар чагылдырылып турат.(инстаграмм,фейсбук).Азыркы учурда колдонулуп жаткан маалымдоо технологиялары жана процесстерди автоматизациялоонун бардык талаптарга жооп берет.<br>Окуучулардын жетишкендиктерин баалоодо жана жыйынтыктоо аттестациясын,окуучуларды класстан-класска көчүрүү экзамендерин өткөрүү мезгилинде,мугалимдерден турган талаш тартыш комиссия курамы директордун буйругунун негизинде бекитилет.<br>Талаш тартыш комиссиянын курамына окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары,предметтик мугалимдер кирет.Окуучулар алган баасына макул болбогон учурда апелляциялык комиссия кайрадан билим деңгээлин текшерип,жыйынтыгын чыгарат. | 1.”<br>1.”Электрондук журнал жөнүндө”Жобо<br>https://aosmonov.mektebim.kg/ |
| 2.6. | Коопсуз, өнүктүрүүчү жана психологиялык жактан ыңгайлуу билим берүү чөйрөсүн камсыздоо, билим берүү процессинде ден соолукту сактоочу ыкмаларды колдонуу | Окуу жылынын башталышында бардык мугалимдерге,техникалык кызматкерлерге жана окуучуларга өрт коопсуздугу,техникалык коопсуздук эрежелери тууралуу инструктаж өткөрүлүп, журналдарга кол коюлат.Окуу кабинеттеринде, китепканада, ашкана жана мектеп территориясында бардык санитардык-гигиеналык эрежелер сакталган.Окуу кабинеттерин жарыктандыруу, класстардын жасалгалары(аянты,өңү), окуу мебелдери,жылуулук температурасы белгиленген нормаларга ылайык келет.Мектеп ашканасындагы инвентарлар,тамак ичүүдө колдонулган идиш-аяктар,тазалык маселелери жолго салынып,милдеттүү талаптарды аткарат.Райондук санитардык-эпидемиологиялык борбор тарабынан көзөмөлдөн | 1. Коопсуздук боюнча журнал<br>2. Техникалык коопсуздук эрежелери<br>4.Ийримдерди өткөрүү боюнча Жобо |

<table>
<tr><td></td><td></td><td>өтүп,текшерилип турат.<br>Окуучулардын коопсуздугу үчүн видео-байкоочу 4камера орнотулган.Окуучулардын тартип бузуусун алдын алуу максатында танапис убагында көзөмөлдөөчү мугалимдер жооптуу болушат.<br>Мектептин ден соолукту чыңдоочу спорт аянтчасы,спорт залы бар. Мектеп парламенти жана тарбия иштери боюнча директордун орун басары тарабынан ар кандай спорттук иш-чаралар өткөрүлүп турат.Жыл бою бекитилген план боюнча ырааттуу түрдө окуучулардын өз ара аралашуусуна,командалык иштөөнү өнүктүрүүгө.ден соолукту чыңдоого багытталган максатта өткөрүлөт.</td><td>5.Ийрим иштеринин иш пландары<br><br>https://aosmonov.mektebim.kg/</td></tr>
<tr><td>2.7.</td><td>Ички жана тышкы баалоонун, системалуу мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча окуучулардын натыйжаларынын динамикасы</td><td>Ар бир предмет боюнча чейрек сайын мониторинг жүргүзүлүп , мугалимдердин окуу процессиндеги баалоосуу пед кеңешмеде каралат.<br>НЦТ, НОВА,СЕКОМ жана башка тышкы баалоолордун жыйынтыктары чыгарылып кошумча сабактар өткөрүлүп турат.<br>ЖРТнын жыйынтыктары канатандыраарлык көрсөткүчтө.Акыркы 3 жыл ичинде бүтүрүүчүлөрдүн орточо өтүүчү упайлары 85-100 упай.<br><br><table>
<tr><td>Акыркы үч жылдын жыйынтыгы</td><td>2018-2019-окуу жылы</td><td>2019-2020- окуу жылы</td><td>2020-2021-окуу жылы</td></tr>
<tr><td>Катышкан окуучулардын саны</td><td>8</td><td>11</td><td>3</td></tr>
<tr><td>Орточо упай</td><td>96</td><td>85</td><td>95</td></tr>
<tr><td>Босого баллдан өткөндөр</td><td>3</td><td>1</td><td>1</td></tr>
</table><br>Райондук олимпиадада акыркы үч жыл ичинде төмөнкүдөй көрсөткүчтү түздү. 2019-2020 окуу жылында Зоорбекова Жибек алгебра сабагынан 3-орунга ээ болуп грамота менен сыйланды.Ал эми Төлөналиева Аяна кыргыз тил сабагынан активдүү катышкандыгы үчүн грамота менен сыйланган.</td><td>Окуучулардын ЖРТ , олимпиада, билим сапаты баюнча<br>3 жылдык анализ<br>ЖМАнын 3 жылдык анализи<br><br>https://aosmonov.mektebim.kg/</td></tr>
</table>

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | 2020-2021 окуу жылында тилекке каршы областык олимпиадага жолдомо алган окуучу болгон жок.<br>2021-2022 окуу жылында жалпы 9окуучу катышып 8-класстын окуучусу Бакирова Нурай кыргыз тил сабагынан,Орозбекова Судана орус тил сабактарынан активдүү катышкандыгы үчүн грамота менен сыйланышты. | |
| 2.8. | Кызыкдар тараптардын кайрылууларына жана арыздарына таасир этүүнүн иштелип чыккан жана ишке киргизилген жол-жоболорунун болушу | Мектепте кайрылууларга, арызданууларга жана даттанууларга өз убагында реакция кылуунун процедурасы киргизилген. Бул процедура толугу менен "Педагогикалык кеңешменин Жобосунда" көрсөтүлгөн жана ишке ашырылат. Андан тышкары окуучулар "Ишеним кутусуна" эркин кирүүгө укуктуу. Ата-энелер директорго, администрацияга, мугалимдерге каалаган убакта кайрыла алышат жана арыздар боюнча тиешелүү чечимдер кабыл алынат. | "Педагогикалык кеңешменин" Жобосу<br>"Ишеним кутучасынын" Жобосу |
| **Күчтүү жактары:** | | Окутуучулардын ишине ата-энелер,окуучулар тарабынан баа берилип турушу;<br>Жалпы мугалимдердин маалыматтык каражаттарын колдоно алуулары;<br>Электрондук журналдын жардамы аркылуу ачык-айкын баалоо системасынын болушу.<br>Мектеп короосунда окуучулардын коопсуз чөйрөсүн түзүү үчүн камералардын орнотулуусу | |
| Алсыз жактары: | | - айрым педагогдор тарабынан маалыматтык-коммуникациялык технологияларды рационалдуу эмес пайдалануу, колдонуунун бир эле тибин пайдалануу;<br>- республикалык,облустук олимпиадалардан көрсөткүчтөрдүн төмөндүгү;<br>Психолог,медик үчүн штаттын жоктугу;<br>Инновациялык техникалардын санын аздыгы<br>Ата-энелердин мигрант болуп балдарын туугандарына таштап кетиши;<br>Кээ бир ата-энелердин балдардын окуусуна кош мамилеси; | |
| | | **3. КАДРДЫК САЯСАТТЫН ЭФФЕКТИВДҮҮЛҮГҮ** | |
| 3.1 | Педагогикалык | Штаттык бирдиктер менен толук камтылуусу 100% түзөт. Мектеп | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | персоналдын квалификациясынын жана билиминин билим берүү программасына шайкеш келүүсү | педагогикалык персонал менен 100%га жабдылган жана 100%га окуучулар менен иштөө үчүн адистик тажрыйбасы жана тиешелүү билими бар адистер менен жабдылган.<br>Педагогикалык персоналдын квалификациясынын жана билиминин шайкеш келүүсү (мугалимдердин сапаттык курамына шилтемелерди карoo).<br>Педагогикалык коллектив 22 мугалимден турат, 2021-2022 окуу жылынын , экинчи жарым жылдыгында 22 мугалим иштеп жатат . Алардын ичинен тиешелүү педагогикалык билими менен:<br>Магистр – 1<br>Жогорку билимдүүсү (специалист)- 15 ,<br>Бакалавр –6 ,<br>Толук эмес жогорку билимдүү- 2 мугалим.<br>Администрация – 4<br>Эркектер -2<br>Аялдар – 20<br>Часовиктер – 0<br>Пенсионерлер – 5<br>2020-2021 окуу жылында квалификациясын жогорулатуу курсунан өткөндөр – 8<br>Быйылкы жылы – 3<br>Педагогикалык стаж:<br>• 5 жылга чейин -6<br>• 5- 10 жылга чейин – 3<br>• 10-15 жылга чейин – 2<br>• 15 жылдан жогору - 11<br>Педагогикалык персоналдын квалификациясынын жана билиминин ишке ашырылып жаткан билим берүү программасына шайкеш келүүсү негизги жалпы билим берүүчү жана орто жалпы билим берүүчү программалары боюнча – 100% түзөт. | Штаттык бирдиктер<br><br>Сапаттык курам<br><br>Мугалимдердин нагрузкасы боюнча буйрук<br><br>https://aosmonov.mektebim.kg/ |
| 3.2 | Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү, ошондой эле билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара мамилелерин баалоону, | Коопсуз мектеп чөйрөсү - бул окуучунун муктаждыктарын камсыздоого багытталган жана да анын толук коопсуздугун камсыздап, болгон тобокелчиликтердин мүмкүндүгүн азайткан чөйрө.<br>Мектептеги коопсуздукту көзөмөлдөө максатында жалпы мектептин айланасына 4 видео-көзөмөл камералары коюлду. Окуу жылынын биринчи жумасында техникалык – коопсуздук , санитардык- | Эвакуациялык схема |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыздоочу механизмдин жана жол-жоболордун болушу | гигиеналык эрежелери боюнча инструктаждар өтүлөт. Ар бир кабинетте коопсуздук боюнча бурчтар түзүлүп журналдар ачылган.<br>Панфилов райондук өзгөчө кырдаалдар бөлүмү жана Панфилов райондук билим берүү бөлүмүнүн макулдашылган иш планынын негизинде түзүлгөн график боюнча атайын бир күн атуулдук коргоону күнү берилет.<br>Мектепте мугалимдер жана администрация өзүлөрүнүн ишинде ден соолукту сактоочу технологияларды төмөнкү багыттар боюнча жүргүзөт: окуу процессин рационалдуу пайдалануу; ден соолукту, денени чыңдоочу технологияларды өнүктүрүү. Бардык көрсөтүлгөн багыттар боюнча ички локалдык актылар иштелип чыгып жана бекитилген.<br>Окуучулардын психологиялык коопсуздугун камсыздоо үчүн ата-энелердин арасында агартуучулук иш-чаралар, жашы жете элек өспүрүмдөр менен иштөө боюнча инспекторлор аркылуу өспүрүмдөрдү системалык сурамжылоо жүргүзүлгөн, алар балдардын маалыматтык корголушун, бардык түрдөгү зордук-зомбулуктун жүрүш-турушуна каршы күрөшүү боюнча маалыматтарды камтыган. Берилген иш-чаралар жергиликтүү бийлик өкүлдөрү, райондук ички иштер бөлүмү, ата-энелер менен биргеликте "Профилактика кеңеши жөнүндө" Жобонун негизинде жүргүзүлгөн. | Өзүн- өзү башкаруу уюмунун кабыл алган эрежеси:<br>" Жалпы окуучулардын жүрүм- турум эрежелери"<br><br>"Профилактика кеңеши жөнүндө" Жобо<br><br>Профилактика кеңешинин иш планы<br><br>Анкеталар<br><br>https://aosmonov.mektebim.kg/ |
| 3.3 | Педагогикалык кадрларды үзгүлтүксүз кесиптик өнүктүрүү, алардын квалификациясын жогорулатуу жана мотивациялоо системасынын болушу | Алыкул Осмонов атындагы жалпы билим берүү орто мектептин мугалимдери кесиптик дасыктарын жана билимдерин мектеп аралык, райондук семинарлар, дасыгын жогорулатуу курстары жана семинарлары, метод кабинеттин тренингдери аркылуу жогорулатышат.<br>Мектептин кызматкерлери окуучулар менен иштөө үчүн тиешелүү билими жана кесиптик тажрыйбасы бар компетентүү кызматкерлер болуп саналат.<br>Педагогикалык жамаат 22 мугалимден турат. Ар бир мугалим тиешелүү педагогикалык билимге ээ.<br>Бардык мугалимдер окуу жараянынын жүрүшүндө билимдерин жана көндүмдөрүн окуучуларга жеткиликтүү бере алышат.<br>Мугалимдердин кесипкөйлүк чеберчилигин жогорулатууга өзгөчө көңүл бөлүнөт. Негизги иш түрлөрү болуп кыска мөөнөттүү дасыгын жогорулатуу курстары, предметтик декадалар, методикалык | " Мектептин ички көзөмөлү боюнча" Жобо жана планы<br><br>Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуунун иш планы<br><br>Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу 3 жылдык отчету<br><br>Мугалимдердин адистиги боюнча дипломдору |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | кеңештер, кереге кеңештер, семинар – тренингдер эсептелет.<br>"Мектептин ички көзөмөлү боюнча жобо" мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу боюнча план-график иштелип чыккан жана бекитилген.<br>Мектепте 3 жыл ичинде мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу жана кыска мөөнөттүү курстарга, семинар-тренингдерге катышуу боюнча индикаторлорго жетишти: 15 (100%) мугалим 2020-2021- окуу жылында квалификациясын Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институту аркылуу жогорулатты.<br>Башталгыч класстын мугалимдери ЮСАИДдин "Окуу керемет" долбоорунун негизинде өз билимдерин өркүндөтүүдө. Насаатчылык системасы бекитилген жана иштеп жатат. Насаатчылар, усулдук бирикмелердин жетекчилери жана активдүү педагогдор айлык акынын дем берүүчү фондунун эсебинен сыйланышып турушат. | Сертификаттар<br><br>" Насаатчылык боюнча" Жобо<br><br>"Кызыктыруучу фондду бөлүштүрүү боюнча" Жобо<br><br>https://aosmonov.mektebim.kg/ |
| **Күчтүү жактар:** | | - мугалимдердин жана техникалык кызматкерлерди жумушка алуу шарттары жана эрежелер топтомдорунун иштелип чыгышы.<br>- педагогдордун компетенцияларын өнүктүрүү, чыгармачылык потенциалды өнүктүрүү, чыгармачылык ишмердүүлүккө тартылышы;<br>- педагогдордун профессионалдык өнүгүүсү үчүн жагымдуу мотивациялык чөйрө түзүлгөн;<br>- жаш кадрлардын мектепке тартылуусу, аларга колдоо көрсөтүү үчүн насаатчылардын бөлүнүп берилиши.<br>- мектепте Усулдук бирикменин иш алып барышы.<br>- чыгармачылык мугалимдердин болушу алардын ар канлай кароо сынак, спорттук мелдештерге катышуусу; | |
| **Алсыз жактар:** | | - анализ көрсөткөндөй, жаш мугалимдерге түйүндүү компетенттүүлүктөрдү өз алдынча ишке ашыруунун ыктарына жетишээрлик тажрыйбанын жоктугунан улам кыйынчылыктар жаралат (методикалык адабияттарды окуп-үйрөнүүдө жана тандоодо, темаларды тандоодо, максаттарды жана милдеттерди коюуда кыйынчылыктарга дуушар болушат ж.б.). берилген багытта системалуу иштер жүргүзүлөт.<br>- Инновациялык технологиялардын жетишсиздиги | |

| 4. МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗА | | | |
|---|---|---|---|
| 4.1 | Билим берүү процессинин катышуучуларына, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга жеткиликтүү болгон окуу имараттарынын жана материалдык ресурстардын (жабдылган окуу класстары, лабораториялар, компьютердик класстар, спорт зал) болушу | Окуу процессин ишке ашыруучу типтүү, бир кабаттуу , 1969-жылы курулган имарат. Спорт зал, спорт аянтча, ашкана, китепканасы бар.<br>- жалпы аянты – 1332 м 2<br>- жалпы жер аянты – 1,5 га<br>14 окуу кабинеттери бар;<br>- химия кабинети – 1<br>- физика кабинети – 1<br>- география кабинети – 1<br>- тарых кабинети – 1<br>- матемаика каьинети – 1<br>- орус тили кабинети - 1<br>- кыргыз тили кабинети – 1<br>- англис тили кабинети – 1<br>- башталгыч класстар кабинети – 6<br>- алардан тышкаркы админстративдик кабинеттер – 3<br><br>- Ашкана 40 орунга ылайыкташкан. Башталгыч класстарынын (1-4 кл) республикалык бюджеттен 7 сом , ата-энелерден 5 сом эсебинен тамактанышат. Кол жуучу 6 раковина бар. Ысык суу, муздак суу менен камсыз болгон. Керектүү идиш-аяктар , ысык тамакты даярдоо үчүн электрдик жабдуулар жана тамак-аштарды сактоочу склад менен толук камсыз. Ашкана жана кухня санитардык норманын шарттарына толук жооп берет. Идиш- аяктарды жууп жана сактоо үчүн өзүнчө бөлмө бар.<br><br>- Китепкана чакан эки бөлмөдөн турат. Биринчи бөлмөдө окуу китептери жайгашкан, экинчи бөлмөдө адабий окуу китептери менен окуу залы уюштурулган. Окуучулар сабактардан кийин өздөрү кызыккан китептерди окуп аудионуну коштоосунда жомокторду уга алышат.<br><br>- Спорт зал бар. Ал жерде окуучулар сабактардан тышкаркы дене тарбия боюнча ийрим иштери дагы ушул залда өтөт. | " Окуу кабинеттери жөнүндө" Жобо<br><br>Кабинеттердин сүрөттөрү<br><br>https://aosmonov.mektebim.kg/ |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Волейбол , баскетбол, теннис ойногонго шарты жооп берет. | |
| 4.2. | Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун талаптарын сактоо (экологиялык, санитардык-эпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелер жана ченемдер, өрткө каршы коопсуздук, эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын эрежелери) | Мектепте билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун талаптары сакталаган жана тиешелүү органдар менен тыгыз байланыш түзүлгөн. Алсак, окуу жылынын 1- чейрегинде мектеп, ашкана Панфилов райондук санитардык- эпидемологиялык борбору тарабынан санитардык кароодон өткөн. Гигеналык эрежелерди сактоо боюнча: окуу жылынын башында мугалимдер, техперсоналдык, ашкана кызматкерлери медициналык кароодон өтүп , медициналык китепчеси талапка ылайык толтурулгандан соң гана кызматка кирише алышат. Мектепте эвакуациялык план, коопсуздук бурчтар уюштурулган.Окуу корпустарынын абалы канатандыраарлык, күнүнө эки жолу техничкалар тарабынан нымдуу тазалоо иштери жүргүзүлүп турат.Жылына бир жолу ремонттолуп , сырдалат.<br>Окуу жайдын корпустары өрткө каршы керектүү жабдуулар менен жабдылган жана өрт чыгып кетүү коркунучунда кошумча чыгуу эшиктер менен жабдылган. Эпидемиологиялык эрежелерди аткаруу боюнча ар бир окуу классында антисептиктер раковиналар жана бут сүртүүчү антибактериалдык килемчелер орнотулган.<br>Ар бир өндүрүштүк окуутунун алдында бардык билим берүү процессинин катышуучуларына ( мугалим , окуучу, тех кызматкерлерге ) техникалык коопсуздук боюнча инструктаж өткөрүлүп турат. Эмгекти коргоо багытында ар бир кызматкер менен келишим түзүлүп укук, милдеттери көрсөтүлгөн. | Мугалимдердин сан.книжкасы<br><br>https://aosmonov.mektebim.kg/ |
| 4.3. | Материалдык-техникалык базаны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти топтоо, баалоо, талдоо жана пландоо механизминин болушу | А.Осмонов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин 3 жылдык материалдык- техникалык базаны чыңдоо максатында төмөнкү иштер каралган.<br>Жалпы мектеп боюнча:<br>- Көмүр складын оңдоп түзөө;<br>- Мектептин жылытуу системасын жаңыртуу;<br>- Электр системасын толугу менен алмаштыруу, жаңыртуу;<br>- Видео көзөмөлдөөчү камераларды орнотуу;<br>Окуу имараты боюнча :<br>- Класс – кабинеттердин (ченемдүү) полдорун которуу; | 2021-2026 -жылдарга карата мектептин өнүктүрүү Стратегиялык планы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | - Кабинеттерди заманбап талапка ылайык жабдып туруу;<br>- Мультимедиялык , компьютердик класстарды ачуу;<br>Дене тарбиясы боюнча :<br>- Спорт аянтчасын ондоп түзөө;<br>- Спорт залга душ уюштуруу;<br>Ашкана боюнча :<br>- Башталгыч класстарынын окуучуларынын жыл сайын санынын өсконүно байланыштуу жана санитардык, гигиеналык шартты жакшыртуу максатында камыр жууручу машинасын алуу;<br>- Окуучулардын тамактануу рационун жакшыртуу максатында мектеп бакчасын уюштуруу;<br>- Жыл сайын ашкананын техникалык абалын көзөмөлдөн өткөрүп туруу зарылчылыка жараша ремонтто;<br>Аталган иштерди каржылоо жергиликүү бюджеттен, райондук жана облусттук өнүктүрүү фонду тарабынан ишке ашырылуусу күтүлөт. | https://aosmonov.mektebim.kg/ |
| **Күчтүү жактары:** | | - Мектептин материалдык-техникалык базасын жакшыртуу суроолорун чечүүгө проекттер, демоорчүлөр менен иш алып баруу тартылган. | |
| **Алсыз жактары:** | | - Айрым окуу бөлмөлөрдө эмеректердин эскилигинин жетиши, аларды чечүүдөгү кыйынчылыктар.<br>- Компьютердин жоктугу;<br>- Класс кабинеттердин тардыгы;<br>- Актовый залдын жоктугу;<br>- Спорт залдагы машыгуудан кийинки шарттын жоктугу;<br>- Спорт инвентарларынын жоктугу. | |

1. **Корутунду**
   - Кыргыз Республикасынын “ Билим берүү” мыйзамынын билим берүү тармагындагы “ Мамлекеттик стандартка” ички актылардын жана минималдуу талаптары менен иш жүргүзүлөт жана дал келет.
   - А.Осмонов атындагы жалпы билим берүү орто мектеби ченемдик документтер менен иш алып барат. Мектеп локалдык актылардын негизинде иштейт.

- Жалпы билим берүү орто мектебинин өнүгүү программасына коюлган максаттарына ылайык жыйынтыктары жыл сайын чыгарылып, окуу жылынын башында кийинки окуу жылына максаттары, милдеттери коюлуп , анализденип турат.Алардын жыйынтыктары, ийгиликтери пед кеңешмелерде көрсөтүлүп турат.
- А.Осмонов атындагы жалпы билим берүү орто мектеби 2021-2022-окуу жылы үчүн окуу планы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-жылдын 28- майындагы № 8691\1 буйругу менен бекитилген жалпы билим берүүчү уюмдун Базистик окуу планынын негизинде кабыл алынды.
- Окуучулардын билими жетишүүсү чейрек сайын бааланат.Чейректик баалар окуу программанын өздөштүрүсүнүн жыйынтыгынын негизинде мониторингдер чыгарылат.Ошондой эле ички көзөмөл боюнча алынган тесттин жыйынтыгы боюнча мониторинг жана талдоо педагогикалык кеңеште каралат. Ички баалоонун жыйынтыгы ата-энелерге , кызыктар тараптардын өкүлдөрүнөн "Күндөлүк" электрондук журналы аркылуу билдирилет.Жыйынтыгынын талдоонун негизинде кийинки чейрекке карата пландоо жүргүзүлөт. Чейрек ичиндеги пландоонун негизинде иш алып барылат.
- Мектептин ички көзөмөлүнүн планы боюнча биринчи жана экинчи жарым жарым жылдыкта предметтерден алынган мониторингдин жыйынтыгы окуу- тарбия иштери боюнча директордун алдындагы кеңешмеде каралып, жыйынтыктары чыгарылат. Кеңешменин токтому боюнча предметтик мугалимдер бирикме жетекчилери менен бирге класстагы предметтин окутулушунун жетишкендиктерин, аныктап, алдыңкы тажрыйбаларынан жаш адистер менен бөлүшөт.Ал эми жетишпеген окуучулар менен предметтик мугалимдер жекече иштерди системалуу түрдө алып барат.
- Мугалимдер сабакты өтүүдө жаңы стандартарка ылайык сабактын планын жазууда максаттарды окуучунун көз карашында жазууга калыптанышкан.. Ошондой эле мамлекеттик стандарттагы негизги 3 компоненттерди ишке ашырууда предметтик компетенттерди сабактарында айкалыштырып жатышат.
- Мугалимдер МКТны 80% колдонушат.Каникул ичинде мугалимдердин технологияларды өздөштүрүүсү үчүн атайын семинар-тренингдер өткөрүлүп турат. Мектептин материалдык базасы чыңдалып , иштөө үчүн шарт түзүлүп берилген.
- Кызматкерлерге, жумушчуларга коопсуздук ыкмалар боюнча түшүндүрүү иштери жыл бою жүргүзүлөт.Коопсуздук эрежелери боюнча кызматкерлерге инструктаж өтүлүп турат.
- Мектеп жамааты бардык предметтерди окутуу боюнча толук түрдө комплектөө болгон. Мектеп ичинде билим берүүнүн максаттарына жетүү үчүн кадрлар жетиштүү түрдө камсыз болгон.
- Педагогикалык жамааттын өз билимин өркүндөтүүсү жыл башында түзүлгөн график боюнча ишке ашырылат.
- Мектепте окуу – материалдык базасын чыңдоо иши жолго коюлган . Жыл сайын материалдык- техникалык жаңылоо ишке ашып турат.
- Жалпы билим берүү орто мектебинде билим сапатын өнүктүрүүдө мугалимдерге жана окуучуларга шарттар түзүлгөн.
- Мекемеде коопсуздук техникасынын нормалары , өрт коопсуздук, санитардык гигеналык эрежелери талапка жооп берет.
- Мектеп окуучулары окуу китептери менен 82 % камсыз болгон.
- Мектепте башталгыч класстардын окуучулары үчүн 1 маал ысык тамак уюштурулган. Балдардын тамактануусу үчүн ашканада бардык шарттар уюштурулуп, керектүү электр жана эмерек жабдыктары менен камсыздалган.

Комиссиянын төрайымы: Мектеп директору:

Нуркалиева Назира Баишовна

Комиссиянын мүчөлөрү: Окуу – тарбия иштери боюнча директордун орун басары

Карасартова Эльзат Эркинбековна

Тарбия иштери боюнча директордун орун басары

Орозалиева Миргүль Сабыровна

Соц педагог

Деркембаева Гулдана Шайырбековна

Усулдук бирикменин жетекчиси

Абдраимова Жылдызкан Смаиловна

Кесиптик уюмдун төрөайымы

Джусупова Бегиайым Бейшеновна

Ата-энелер комитети

Джүсүмалиева Тимира Орозбековна